материалдык дүйнөнүн артыкчылык касиеттери бар салыштырмалуу түрдө кыйла толук жана бай көргөзөт, ошонусу менен предметтин маңызын андан да толук жана бай чагылдырылат. Универсалдуулук, болбой кой-бостук-бул касиеттерге ээ өзүнчө заттар, биз демейде аларды стандартуу деп коебуз, ошондой эле,биз жогоруда айтып кеткен идеалдуу заттар, кооз заттар бар. Типтүү түрлөрдө типтүү идеалдуугу бар, бул эң чоң жогорку класстагы титүү заттар, эң жогорку класстагы кооз предметтер[10,592-б].

А түрлөрдүн вертикалдык катардагы категориясында баары типтүү түрлөр, ошол түрдүн типтүү индивимдуумдары, ал турсун идеалдуулуктун сектеми, сулууктун чектеми, биз бул жерде эң жогорку түрдү жана бир идеалды көрүп турабыз. Эгер ошондой болсо, анда слуулук өтө аз болуу керек жана өтө эле бир жактуу. Мындан тышкары,бардык идеалдар өзгөрөт, ошондуктан түбөлүк сулуулук жок.адам коомунда ушуга окшогон нерсени мүмкүн түзүүгө болот,табият дүйнөсүндө баары башкача, анткени өсүмдүктөр,айбанаттар,органикалыктар,органикалык эместер,тоолор,суулар,жер-дайыма өзгөрүп турушат. Бул табигый дүйнөнүн түрлөрүнүнүнсистемалуулукту жана олуттуу өгөрүүлөрдүн же кырсыктардын пайда болушу деген ушул; бул эгер муз доорунун мезгилди келген жэ башка планеталыктаркол салганда жэ ушуга окшогон кыйраткыч катастрофа болгон шарттарда гана болушу мүмкүн[11].

Жаны эстетиканын бул карама-каршылыктары жана маселелери Цай Инин ошол кезде али толук жетиле элек теориялык көз караштарын билдирет. Кийин ал “Жаңы этетиканын” кемчиликтерин жана эске албагандарын мойнуна алды жана аларды оңдоону жана ал турсун, кайра жазаарын айтты. Бирок, өмүрүнүнүнжарымына чейин ал айткагдарын аткара албагандыгын менен 20кылымдын экинчи жарымындагы улуу дискуссияда ал өзүнун мурдагы идеяларын жана теорияларын байытты жана өнүктүрдү[12, 245-247-б].

***Адабияттар***


*1. Асаналиев К. Движение во времени. / К.Асаналиев. - Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 276- б.*

*2. Айткеев К. Чыгармалар жыйнагы. / К.Айткеев. – Б., 2014. - 8 томдук.*

*3. Сартр Ж.-П. Экзистенциализм – это гуманизм. В кн.: Сумерки богов. /Ж.-П.Сартр. - М.: Политиздат, 1989. – 322-б.*

*4. Тагаев Б. ЦАЙ Инин чыгармачылыгындагы трагедиялуулук. / Б.Тагаев. - Б. 2005. – 152 -б.*

*5. Топер П. Красота в искусстве XX века / П.Топер // Вопросы литературы. – 2000. – №2.*

*6. Шеллинг Ф. Философия искусства./Ф.Шеллинг. - М., 1966.*

*7. Шестов Л. Достоевский и Ницше. / Л.Шестов. – М.: АСТ, Фолио, 2001.*

*8. Шиллер Ф. О трагическом искусстве / Шиллер Ф. - М., 1957. - Собр. соч. в 7 т. – Т. 6. - С. 41-64*

*9. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы – 2004 ж. 592-бет*

*10. Гегель. Эстетика. / Гегель. - М., 1971. - т. 3.– 592-б.*

*11. Лессинг Г.Э. Гамбургская драматургия. / Г.Э. Лессинг. - М., 1883.*

*12. Карыбекова М. Көркөм сүрөт өнөрү жана анын түрлөрү // Вестник Бишкекского гуманитарного университета им. К.Карасаева. – 2009. - №5. – С.245 - 247.*


***УДК: 801. 6 (575.2) (04 )***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.59.48***

***Жумаева Г. З.,***
*И. Арабаев атындагы КМУ,*
*Мамлекеттик тил жана маданият институту*

# КУЛ КОЖО АХМЕД ЯССАВИНИН ЫРЛАРЫНДАГЫ ДИДАКТИКАЛЫК ОЙ-ТОЛГООЛОР


## *Кыскача мазмуну*

*Бул макалада орто кылымдар (10-12-кк.) аралыгында жашап, “олуя акын” аталган Кул Кожо Ахмед Яссавинин өмүрү жана чыгармачылыгы каралат. Сөз алды менен Кул Кожо Ахмед Яссавинин туулган жана жашаган жерлерин тактоо маселелерине көңүл бурган түркolog окумуштуулардын ой пикирлери берилет. Өзгөчө акындын балалык чагына байланыштуу элдик икая-аңгемелердин бири мисалга тартылып, мезгилдер өтүп, мифологиялык мотивдер менен шөкөттөлүп, “олуя акын” аталып калышына негиз болгон шарт-жагдайларга көңүл бурулду. Бизге келип жеткен жалгыз чыгармасы “Ырлар жыйнагынын” (“Дивани кихметтин”) мазмуну диний-мистикалык багытта болуп, исламдын негизине таянган суфийлердин философиялык жана дидактикалык ой-толгоолору адабий талдоого алынат. Ушундан улам Кул Кожо Ахмед Яссавинин орто кылымдагы суфий агымын негиздеген суфий акын экендиги мисалдар менен тастыкталат.*


***Түйүндүү сөздөр:*** *коом, саясат, ислам, суфизм, куран, аят, хадис, акын, айтыш, заман.*

# ДИДАКТИЧЕСКИЕ РАЗМЫШЛЕНИЯ В СТИХАХ КУЛ КОДЖО АХМЕДА ЯССАВИ


## *Аннотация*

*В данной статье рассматривается жизнь и творчество Кул Коджо Ахмеда Яссави, средневекового (10-12 века) «святого поэта». В первую очередь будут приведены мнения тюркологов, уделяющих внимание вопросу уточнения места рождения и проживания Кул Коджо Ахмеда Яссави. В частности, в качестве примера приводилась одна из народных сказок о детстве поэта. Единственное сохранившееся произведение — «Сборник стихов» («Дивани кихмет») - носит религиозно-мистический характер, в литературе анализируются философско-дидактические мысли суфиев, основанные на исламе. Это доказывает на примере, что Кул Коджо Ахмед Яссави был суфийским поэтом, основавшим средневековое суфийское движение.*


**Ключевые слова:** *общество, политика, ислам, суфизм, Коран, стих, хадис, поэт, высказывание, время.*

# DIDACTIC REFLECTIONS IN THE VERSES OF KUL KOJO AHMED YASSAWI


## *Abstract*

*This article discusses the life and work of Kul Kojo Ahmed Yassawi, a medieval (10-12th century) "holy poet". First of all, the opinions of Turkologists who pay attention to the issue of clarifying the place of birth and residence of Kul Kojo Ahmed Yassawi will be given. In particular, one of the folk tales about the poet's childhood was cited as an example. The only surviving work - "Collection of poems" ("Divani kikhmet") - is of a religious and mystical nature, the philosophical and didactic thoughts of the Sufis based on Islam are analyzed in the literature. This proves by example that Kul Kojo Ahmed Yasawi was a Sufi poet who founded the medieval Sufi movement. It is emphasized that the didactic ideas in his poems are still relevant today.*


**Key words:** *society, politics, Islam, Sufism, Koran, verse, hadith, poet, statement, time.*

Кул Кожо Ахмед Яссави түрк дүйнөсүндө суфизм агымын негиздөөгө активдүү катышкан суфий аалымдардын бири катары белгилүү. Болжолу 10-11-кылымдар аралыгында жашап өткөндүгү айтылып келет. Өз учурунда “олуя-акын” аталып, Түркстанда байыр алгандыгы тууралуу маалыматтарды анын ыр саптарынан кездештиребиз. Мисалы:

“Түштүм азар, бурак тозор, кетсе базар,
Дүнүйө базар, ичра кирип, кулдар азар.
Башым базар, йашым сезар, каным тозор,
Атым Ахмед, Түркстандыр элим менин” [1, 48].

Ошондой эле Кул Кожо Ахмед Яссавинин туулган жерин тактоого негиз болгон: “Жазы суусу арасы, жанат коохар карасы, Машайыглар сарасы – шайыгым Ахмед Яссави”,-деген шакирт акындарынын биринин (аты-жөнү белгисиз) билдирүүлөрү да кездешет. Эгерде бул маалыматка көңүл бурсак, кыргыз жергесине тиешелүү Өзгөнгө жакын аккан Жазы суусу тууралуу сөз болуп жаткандыгын түшүнүүгө болот. Мындай ойду ырастаган түрколог окумуштуу Ч. Өмүралиев: “... Биздин оюбузча ал Йасыкенд же Жазыдагы шаар, каала дегенди билдирет. Убакыттын өтүшү менен айтылышы өзгөрүп, Йасыкенд, Узгенд, Өзгөн болуп айтылып калган чыгаар. Кул Кожо Ахмед Яссави дал ушу Жазы боюндагы шаарда туулуп, Түркстан шаарында турук алса керектир” [5,73], -дейт. Бул божомолдуу айтылган ойдогу тарыхый даректи акындын: “Жети жашта Арслан бабага кылдым салам”, -деген ыр сабында устаты ким экендигин ырастаса, бүгүнкү мезгилдеги кыргыз жергесиндеги Арсланбабдын аталышы менен байланыштуу караоого болот. Ушундай болсо да, азыркы казак жергесине тиешелүү Түркстан шаарындагы Аксак Темир тарабынан салдырылган күмбөзүнө байланыштуу, туулган жери – Түркстан деп айтылып келет. Бирок акындын ыр саптарында туулган жери тууралуу катылып жаткан чындыкты тастыктаган маалыматтар да бар. Мисалы, “Түрк тарыхы” китебинин авторлору Кабир Туйка менен Фазил Туйканын: “... Кул Кожо Ахмед Түркстандан беш чакырым обочо Йасы деген айылда туулган” [2, 337],- деп айткандары бүдөмүк ойлорго чекит койгондой. Демек, Кул Кожо Ахмед Яссави кыргыз жана жалпы эле түрк элдеринин дүйнөтаанымына зор салымын кошкон “олуя акын” деп айтуу реалдуу жагдай. Эл ичиндеги легендалык даректерде да Кул Кожо Ахмед Яссавинин өмүр-таржымалына байланыштуу икаялардын биринде кыскача мындайча айтылат: Абалкы да, акыркы да пайгамбарым Мухаммед улуу шайык Мансурга (Кул Кожо Ахмед Яссавинин ырларында Арастан баба деп берилет) курма берип, аманат айтты: “ Менден беш жүз жыл кийин Түркстандан Кул Кожо Акмат деген бир олуя чыгар. Муну ошого бересиң”. Арадан бир канча жылдар тозду. ... Бир курдай жер кезип келе жатты эле, алдынан беш-алты тестиер балдар ойноп чыкты. Алардын бири түз эле шайык Мансурга келип: “ Аманатымды бериңиз,-деп кол сунду. Шайык Мансур унута жаздаптыр, эми эстеди. Шашып тилинин астында катылган курманы алаканына сала коюп караса, шилинип сөөгү гана калыптыр. Пайгамбарымдын аманатын сактай албай калдым деп, сарууланган шайык Мансурдун шадыларынан алиги курманын сөөгү жылмышып түшүп баратты. Ошондо бала курманы чаңга түшүрбөй, тосуп алды да: “-Жок олуям, башыңды салбаң! Пайгамбарымдын мага калтырган мөмөсү эмес, ушул өзөгү эле”,-деп таңдайына сала коюп, жүгүрүп жолуна түштү”,-деп айтылган икаядан кабар берген ыр саптары автордун “кихметтер китебинде” [3, 11] да учкай атылып өтөт. Дал ушул жогорудагы икаядагы жүгүрүп кеткен бала – биз сөз кылууга баш баккан “олуя акын” атыккан Кул Кожо Ахмед Яссави.

Кул Кожо Ахмед Яссавинин бизге келип жеткен ырлары “Ырлар жыйнагы” (“Дивани кихмет”) аталышындагы ырлар топтому. Жыйнактын мазмуну ислам жолун, тарыхын, философиясын жана “Курандын” аяттарынын дидактикалык маанилик терендигин чечмеленет. Ошондой эле эле суфий агымынын түрк дүйнөтаанымындагы орду аныкталып, санат-насыят мотивиндеги ойлору аркылуу бул дүйнө-тиги дүйнө түшүнүктөрү көркөм чагылдырылат. Орто кылымда түрк дүйнөсүндөгү суфизм агымын негиздөөгө активдүү катышып, бул багыттагы шакирттери тарбиялоого жетише алган. Акындын ырларына катылган дүйнөтаанымдык маселелерди түшүнүүдө суфийлердин айрым өзгөчөлүктөрүнө токтоло кеткенибиз оң. “Суфи” термининин эки мааниси бар. 1. Араб тилиндеги “суфи” сөзү жүндөн же таардан тигилген кийимчен адам мааничинде чечмеленет экен. Буга байланыштуу суфизмдин табияты кечилдик-мистикалык мүнөздө болгондуктан, самсалаган жүн же таар кийим кийишип, колунда аса-муса таягы бар дүйнө кезген селсаяк ойчулдун негизги атрибутуна айландырышкан. 2. “Суфи” термини жана суфийлердин философиялык табияты тууралуу Абу Райхан аль- Берунинин пикиринде: “Суфийлер гректерден айырмаланып, сопулардын материалдык дүйнөнү эмес, Жалгыз Кудайды таанып билүү жана кечилдиктин жардамы аркылуу күнөөлөрдөн арылуу тууралуу окууну иштеп чыгышкан” [4, 87], -деп айтылат. Жогоруда айтылган суфийлер түрк дүйнөсүн кезип, диний-мистикалык көз караштагы чындыкты издешип, сопулар, дервиштер, думаналар, селсаяк акылмандар деген ат менен белгилүү болушкан. Суфийлер ислам философиясын таанып билүү менен эле, Жалгыз Кудайды көздөй баруучу рухий жолго өзүнчө из салып, адам баласы айрым учурларда акыл калчап, аңдай албас сырлары камтылган философиялык, дидактикалык ойлору адабият менен маданиятка таасири зор болгон. Мындай таасири тууралуу түрколог изилдөөчү И.Стеблева: өзүнүн өмүрүнүн сүрүшүнүн алгачкы баскычтарында бул адабият (асыресе поэзия) өтө жөнөкөйлүгү, эл арасында кеңири таанымал формасында жана элдик обондорду пайдаланышы менен айырмаланган. Бул суфизмди жолдогон адепки акындар биринчи кезекте карапайым калкка кайрылышы менен түшүндүрүлөт” [6, 114], -деп акыйкат белгилеп өтөт. Анткени ар бир коомдун мүнөз өзгөчөлүгүнө ылайык жашоо идеологиясы иштелип чыгаары ырас. Кул Кожо Ахмед Яссавинин “Ырлар жыйнагынын” мазмунунда өз коомуна мүнөздүү суфий философиясына басым коюлуп, исламдын негиздерине таянгануу менен жаралган ырларындагы дидактикалык маанилер бүгүнкү мезгилде да актуалдуулугу менен айырмаланып турат. Ал дагы замандаш же кылымдаш акындардын чыгармачылыгындагы салттуулукту сактап, Алланын Жалгыздыгын даңазалоо, моюнга алуу жана Мухаммед пайгамбарга таазим этүү, төрт алдаярына ( Абу Бакир, Омор, Осмон, Али) таасирленүү сыяктуу киришүү бөлүмүнөн башталып, жогоруда ар бир алдаярга тиешелүү мүнөз өзгөчөлүктөрү белгиленип, “Кылган эмес каталык” (жаңылбас”), “акылман”, “акылдуу”, “шер” аттуу даяр эпитеттер менен сыпаттап өтөт. Өзгөчө Мухаммед пайгамбардын кең пейил, боорукер, калыс мүнөзүн мындайча ырга салат:

“Он сегиз миң ааламга башчы болгон, Мухаммед,<br>
Отуз үч миң асхапты алып жүргөн, Мухаммед.<br>
Ач-жылаңач жашоого канат кылган, Мухаммед,<br>
Үмөтүнө кан-жанын санат кылган, Мухаммед.<br>
Түнү бою каш какпай тилебаттуу, Мухаммед,<br>
Жапа тарткан пендеге тили таттуу, Мухаммед.<br>
Мусапырга адашкан жол көрсөткөн, Мухаммед,<br>
Мүшкүл түшкөн адамга көмөктөшкөн, Мухаммед [3, 42].

Акындын ырларынын негизги өзгөчөлүгү “Куран” сөздөрүндөгү санат-насыят, үлгү маанисиндеги дидактикалык ой-толгоолору жөнөкөй орток түрк тили менен чечмелеп жеткирүүнү максат кылып алгандай же жашоодогу миссиясы сыяктуу. Айтылуучу дидактикалык, философиялык оюн ырастоодо, ар бир сөздүн маанисин баамдап, баш-оту менен берилип, күчтүү эмоция менен чагылдырып, адамдардын жан дүйнөсүндөгү арууулуктун, актыктын, боорукердиктин, адилеттүүлүктүн, кең пейилдиктин баасын белгилеп, мындай касиеттер тиги дүйнөнүн бейишин көздөй кетчү жол экендигин ынандырат. Бул дүйнө адамдарга сынак үчүн убактылуу берилгендигине токтолуп, бейиш жайы үчүн адамдар тынымсыз даяйдануу керектигин эскертет. Тиги дүйнө адамдар үчүн жалгыз чындык жана түбөлүктүү жай экендигин жар салган дидактикалык ой-толгоолору “Бейиш менен тозоктун айтышында” тереңдетилип берилгендигин төмөндөгү ыр саптарынан көрүүгө болот.

“Тозок айтат: -Мен артыкмын, менде жоктун бары бар.<br>
Бейиш айтат: - Эмне дейсиң, жалган айтпа курганым,<br>
Билбейсиңби мекен кылып, менде Жусуп турганын.<br>
Тозок айтат: - Мен артыкмын, бакыл кулдар толтура,<br>
Чынжыр кишен байлап аны, отко кактап отурат.<br>
Бейиш айтат: - Мен артыкмын, пайгамбардын ашы бар,<br>
Бүт пайгамбар менде жүрөт, карысы да, жашы да.<br>
Тозок айтат: - Мен ашыкмын, көрүп жүргөн каапырды,<br>
Каапырларды бутка сайган ийнелерди бакыртып.<br>
Бейиш айтат: - Менде жүрөт бүт аалымдар, адистер,<br>
Аалымдардын көңүлүндө куран, аят, хадистер.<br>
Тозок айтат: - Менде жүрөт намыссыз кыз-уландар,<br>
Бейнамысты чага турган толо чаян, жылан бар.<br>
Бейиш айтат: - Менде жүрөт, Ак дидары чырактай,<br>
Ак дидарын көрсөтүүгө мага келген Рахман.<br>
Тозок анда унчукпады” [1, 148].

Жогоруда Кул Кожо Ахмед Яссави тозоктун коркунучтуу жайын баяндоо менен адамдарды Актыкка чакырган дидактикалык ой-толгоолорго үндөп, айтыш жанрынын байыркы жаралыш тарыхынын биринен кабарлап да турат. Адамдарга курулай акыл-насаат айта берүүгө караганда, айтыш өнөрүнө мүнөздүү болгон ак-каранын талашынан жаралган реалдуу чындыктагы нуска ойлорду элге жеткире билүү да акындын дүйнөтаанымына карата чечмеленгендиги ырас. Айтышка катышкан тигил же бул акындын чындыктан обочолонгон ойдон, көз караштан жеңилгендиги менен аякталат. Ушул сыяктуу эле “Тозок менен бейиштин айтышынын” жыйынтыгында: “Тозок анда унчукпады”,-деп аякталып, актыктын, адалдыктын, жакшылыктын алдында тозоктун алсыз экендигин жана жеңилгендигин белгилеп, тозокко же бейишке барчу жолду адамдар өздөрү тандап ала турган “чындык” экендигин билдирет.

Кул Кожо Ахмед Яссави суфизм окуусунун шариат (Бул Кудайды таануунун алгачкы сап башы. Аларга: Алла Тааланын жалгыздыгына ыйман келтирүү, беш убак намаз окуу, орозо тутуу, зекет берүү, ажылык сапар-

га баруу), тарихат (Бул Алла Таалага алып баруучу ички дүйнө, жүрөк,сезим жолунун башталышы), маарифат (Бул ай-ааламдын ак-карасын, ички-сырткы дүйнөнү толук таануу), хакийкат (Бул Алла Тааланын чындыгына, жалгыздыгына, бийлигине ишенип, ар кандай азгырыктардан биротоло арылып, Алланын нур дүйнөсүнө өтүп кетүү) төрт баскычын тең басып өткөндүгү ага карата айтылган "олуя акын" аталышынын негиздеринин бири ушул. Анткени баардык эле сопулар жогоруда аталган төрт баскычты басып өтө алышпай, ара жолдо калышкандар көп болушкан. Бул жашоонун азап-жыргалынан, бар-жогунан, ак-карасынан турган тирүүчүлүктүн диалектикалык өнүгүү процессине катышуудан баш тартышып, үй-бүлө, байлык, бийлик, сүйүү күтүү сыяктуу жагдайлардан алыстоо суфийлерге мүнөздүү болуп, алар адамдык улуулуктарга, актыкка үндөй турган дидактикалык миссияны аркалайт. Акындын ырларынын максаты да ушул. Мисалы, акындын ырларында адамдардын рухий жардылыгына наараазы болуп:

"Ыракым кылбай не энеде, не атада,
Ынсап кылбай, не агайын бечерада.
Мусулмандар муш салып ич арада,
Мастык менен туугандыктан танды көрүң.
Топук билбес, динсиз кулдар болду аким,
Топордугу чектен ашып болду залим.
Калк ичинде кор болушту дервиш аалым,
Кайран журтту каапыр кылып салды, көрүң.
Диден безген дили тоңдун кайгысы жок,
Дүйнө жыйып, кор оокатка тойгусу жок.
Дөөгүр, зөөкүр өлүмдү ойлоп койгусу жок,
Билген дини – дүнүйө чирик болду" [1, 148], - деп, адам тагдырындагы "акыр заман" көрүнүштөрүнүн бири катарында чагылдырат. Ал эми "акыр заман" түшүнүгүндө дүйнөнүн ааламат-апаат болушуна гана карата айтылбайт. Адамдардын адамдык улуулуктарга жардыланып, кор пендечиликтен көтөрүлө албагандыгынан жана коомдун идеологиялык, саясий, экономикалык шарттарынын терс жактарына да байланыштуу каралган маселе экендиги ырас. Кул Кожо Ахмед Яссавинин ырларындагы негизги өзөктүү ой - угармандарга, окурмандарга бул дүйнөгө эмнеге келдим, эмне иш кылдым, эмнеге кайра кетип баратам?, - деген суроолорго жооп издетип, карайлатып турат. Дал ушундай маанидеги акындын ырлары диний-мистикалык көз караштары менен ар бир инсанды адамдык улуулуктарга чакырган философиялык жана дидактикалык ой-толгоолору да макалдык мааниге айлангандыгын төмөндөгүдөй ыр саптарынан көрүүгө болот.

"Бузук адам өз кадырын өзү билбес.
Менменсинип жакшыларды көзүнө илбес.
Тообасыздар бул дүйнөнү кечпейт билгин,
Өлүп барса, көр азабы өчпөйт билгин.
Пенде болсоң, менменсинбей жүргүн паста,
Жаның кыйнап, эртели-кеч иштен качпа" [1, 148].

Кул Кожо Ахмед Яссави дин маселеси адам жашоосундагы руйхий байлык экендигин даңазалап,тиги дүйнө-бул дүйнө тууралуу ойлорго кенен токтолот. Бардык адамдардын акыркы жолу бир экендигин эскертип, алдуу-алсыз, бай-кедей, жаш-кары, сулуу-серт, акылдуу-акмак, падыша-кулдун да барар жери – көр деп, коомдогу терс көрүнүштөрдү сынга алат. Өзгөчө билимсиз, ислам дининин тарых-таржымалын чала билген молдолорго карата наараазычылыгы күч. Карапайым элдин арүу дүйнөсүнө дин тууралуу туура эмес көз караштарды, жалган нерселердин уругун сээп коёбу деп чоочулайт. Ошондуктан өзүнүн ырларында дин тарыхын жакшы билген аалым катарында пайгамбарлардын (Аюп, Муса, Жунус, Жусуп, Шибил, Баязи, Мариф, Мансур) өмүр-таржымалдарын мисалга тартып, адамдарга үлгү боло турган касиет-сыпаттарын көркөм чагылдыруудан тажабай, кайталай берет. Адам баласы жаралгандан тартып, Жалгыз Кудайды көрүүгө, кармоого, элестетүүгө мүмкүн болбогон образын издей берүү түбөлүктүү туюм экендигине токтолот. Бирок акындын ыр саптарында кандайдыр бир деңгээлде Жалгыз Кудайды таанууга боло турган өз жообу бар. Акындын түшүнүгүндө «Алла» ааламда жана адамдардын жан дүйнөсүндө. Аны сезим-туюум аркылуу ишенип, таанууга болот. Анткени эртеби-кечпи жакшы же жаман иштериңе карата тагдырдан жооп ала тургандыгыңдын өзүңдө жооп жатат дегенсийт. Демек, Кул Кожо Ахмед Яссавинин ырларынын дидактикалык маанилери адамдык улуулуктарга чакырган ой-толгоолорго бай экендигин айтууга болот.

***Адабияттар***


*1.Кыргыз адабияты. Хрестоматия. Насыяттар жыйнагы. –Б., 1997.*

*2. Кыргыздар. –Б., 1999.*

*3. Кул Кожо Ахмет Яссави. –Б., 2015.*

*4. Алиева Ш., Алиева Г. Философиянын тарыхы. –Б., 2002.*

*5. Өмүралиев Ч. Кожо Ахмед Яссави. // Ала-Тоо, №10.*

*6. Стеблева И. Түрк тилиндеги байыркы адабият. // Ала-Тоо, №7.*